**Жогорку Кеңеште «Доорду өзгөрткөн аял лидерлиги»**

**аттуу иш чаранын алкагында**

**"Миграциядагы аялдар" тобунун кайрылуусу**

**01 март 2024 ж.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы**

**Шакиев Нурланбек Тургунбековичке**

**Урматтуу Нурланбек Тургунбекович,**

Биз – миграция тармагында иш алып барган топтун өкүлдөрүнүн атына өтүп жаткан диалогду уюштургандыгыңар үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ыраазычылык билдиребиз жана аны жыл сайын, ал эми кызматташуубуз регулярдуу болуусун сунуштайбыз.

Диалогдун жыйынтыгы боюнча тиешелүү, тиешелуу министрликтерге катуу томонку тапшырмалар берилишин жана алардын аткарылышын Жогорку Кенешти тиешелуу комитети тарабынан козомол жургузууну тапшырма берүүнү суранабыз**:**

1. Мамлекеттик келишимдерди тузуудо, мамлекеттин озгочолукторуно жана кыргыз жарандарынын ошол мамлекеттке жургон санын так билуу менен аймактарда алдын ала миграцияга даярдануу иш чараларын байма бай откоруп туруу зарыл. Озунун эне тилинде миграциялык маселелерди уйронуп билуу мумкунчулукторун тузуу адаптация жонундо тушундурмо беруу

2. Жарандарга милдеттуу турдо бара жаткан мамлекеттин тилин, озгочолукторун, мамлекеттер ортосундагы келишимдер менен таанып билип алуу милдети тапшыруу, ага жардам беруу керек. Физиологиялык -психиологиялык адаптациядан отуу маалыматын беруу.

3. Милдеттуу турдо консулдук, коом уюмдарына катоого туруу боюнча чара коруу.

4. Социаалдык -демографиялык адаптация – жаны байланыштардын тузулушу, жашаган жердин статусу озгоргондо жаны журум-турумга уйронуу, жаны турак жайга уйронуу мисалы айылдан шаарга кочуу, жер уйдон кабат уйдо озун алып журуу жана башка тааныш эмес шарттарды кабыл алып конуп кеттуу

5. Кобун эсе жаштар мектеп 9 кл бутттору менен (паспортко ээ болуп) бирок эч кандай кесип ээси боло электе миграцияга жоноп жатышат ошондуктан 10/11 мектеп программмасына -орто билимдин, профилдик кесиптин ээси болсо келечек учун туура багыт алмак! Жогоруда аталган себептер кобунчо эсе жаштарга байлаышту болуп жатат.

6. Тил маселесинде да коп кайрылуулар бар (жарандарга тил уронуудо Он лайн сабактарды, атайын методиканы эки тилде тушундурмо бере алган мугалим откорсо деген сыяктуу маселелер.

7. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине балдарды коргоо маселелери боюнча адистешкен 1000 миң социалдык кызматкерлерди киргизиш керек. Бул райондук деңгээлде эмгек мигранттарынын балдарын коргоо кызматтарын уюштурууга өбөлгө түзөт. Бул механизм аялуу үй-бүлөлөрдү колдоого жана балдарга карата зордук-зомбулуктун алдын алууга жардам бермек. Мындай социалдык кызматкерлер ата-энеси эмгек миграциясында жүргөн балдарды коргоого багытталган чараларды күчөтүү боюнча Президенттин Жарлыгы иштей башташы үчүн да керек.

8. Камкорчулуктун расмий жол-жоболорун жөнөкөйлөтүүнүн жолдорун карап көрүү зарыл. Камкорчулук жана көзөмөлчүлүк Балдар жөнүндө кодекске жана № 522 жобого ылайык сот аркылуу дайындалат.

9. Эмгек мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарына карата Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институтунун мандатын күчөтүү абзел. Балдарды коргоо, миграция жана киши сатууга каршы күрөш боюнча саясатты жана программаларды натыйжалуу иштеп чыгуу максатында мигранттардын балдарынын укуктук абалына натыйжалуу байкоо жүргүзүш үчүн адамдык, техникалык жана финансылык ресурстарды көбөйтүү зарыл.

10. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, ошондой эле чет өлкөлүк жарандардын киришин/чыгышын эсепке алуунун бирдиктүү механизмин иштеп чыгуу талап кылынат. Келип жана кетип жаткандарды, анын ичинде балдар

жөнүндө маалыматтарды, формалдуу камкорчулукту дайындоону каттоонун автоматташтырылган тутумун киргизиш керек. Миграциялык кыймылдарды эсепке алуу системасына бардык компетенттүү мамлекеттик органдарды киргизип, маалымат алмашуу процессин координациялоо максатка ылайык.

Миграцияга тиешеси бар үй-бүлөлөрдү жана балдарды колдоо жана коргоо системасынын жоктугу үй-бүлөнү ыдыратат. Үй-бүлөсү жок киши Мекени жок киши менен бирдей.

Балдардын үй-бүлөдө калышын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат калыптанбаса үй-бүлө институтун, келечектүү мамлекетти сактап калууга жөндөмсүз бүтүндөй муун өсүп чыга турган коркунуч бар.

Биз мыйзамдарга жана башка нормативдик-укуктук актыларга бул түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топко кирүүгө даярбыз.

Миграция топтун атынан кол койгондор:

| | |
|---|---|
| КФ " Кыргызстандын аялдар Альянсы" директор | Д. Оморова |
| «Баланын Укугун Коргоочулардын Лигасы» КФ | Н. Турдубекова |
| КФ " Кыргызстандын аялдар Альянсы"координатор | М. Калиева |
| Туркидагы Кыргыз диаспоросунун өкүлү | У. Ташматова |
| Байзак АК депутаты, Нарын Облусу | М. Молдалиева |